Ким жылдыз илиминен үйрөнсө ал сыйкырдын бир бутагын (бир азын) үйрөнгөн болот, көбөйткөн сайын көбөйө берет

Ибн Аббас (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мынтип айткан: "Ким жылдыз илиминен үйрөнсө ал сыйкырдын бир бутагын (бир азын) үйрөнгөн болот, көбөйткөн сайын көбөйө берет".

[Сахих (ишенимдүү)] [Абу Дауд, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким астрология жана жылдыздар илимин окуса, алардын кыймылын, кирүүсүн, чыгуусун жерде болуп жаткан окуяларга, мисалы, бирөөнүн өлүмүнө, туулуусуна, ооруп калуусуна ж.б. келечекте боло турган иштерге байланыштырып далил кылса, ал адам сыйкырдын бир бөлүгүн үйрөнгөн болуп эсептелет. Ошентип бул илимге тереңдеп кирген сайын сыйкыры да көбөйө берет.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5989